КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТ
ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык Кенешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXIII сессиясынын**

ТОКТОМУ

2026-жылдын 24-сентябры | № 23/1 | Жаңы-Турмуш айылы

**“Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркын аныктоо тартиби жөнүндө” Жалпы жобого ылайык, Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүндө чыгымдардын болжолдуу планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-бөлүгүн, 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы №795 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар жөнүндө токтомунун, “Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын аныктоо тартиби жөнүндө” жобосуна ылайык, өкмөт башчынын сунушун угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешин **VIII** чакырылышынын кезексиз **XXIII** сессиясы **токтом кылат:**

1 “Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркын аныктоо тартиби жөнүндө” Жалпы жобого ылайык, Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүндө чыгымдардын болжолдуу планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2 Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы ушул токтом менен бекитилген чыгымдардын болжолдуу планын жетекчиликке алып, сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруу тапшырылсын.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев.**

Тилектеш айыл аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXIII сессиясынын 2026-жылдын 24-сентябры № 23/6 токтомуна тиркеме

**Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүндө Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркына киргизилүүчү чыгымдардын болжолдуу планы:**

Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди эсептөөдө өздүк нарктын курамына тиешелүү кызматтарды көрсөтүү менен түздөн-түз байланышкан экономикалык жактан негизделген жана документтер менен ырасталган чыгымдар киргизилет.

Сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркына киргизилүүгө тийиш болгон чыгымдарга төмөнкүлөр кирет:

– эмгек акы төлөө чыгымдары;
– материалдарга жана ага тиешелүүлөргө чыгымдар;
– транспорттук чыгымдар;
– башка уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдар;
– негизги каражаттардын амортизациясы;
– коммуналдык чыгымдар;
– административдик чыгымдар;

Анын ичинде жарандардын социалдык жактан аялуу категорияларына жеңилдетилген жана субсидияланган кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан чыгымдар.

**Сөөктү жерге коюу (көмүү) кызматынын өздүк наркын эсептөө:**

1. Эмгек акы төлөө чыгымдар – 10000сом
2. Материалдар жана ага тиешелүү чыгымдар – 5000сом.
3. Транспорттук чыгымдар – 8000сом
4. Башка чыгымдар 1000сом

**Жалпы чыгымдар : 24000сом.**

5. Социалдык төлөмдөр – 225сом.

**Өздүк наркы - 24225сом.**

5. Рентабелдүүлүк 10% – 2422,5сом

Кызматтын эсептелген тарифи - 26647,50сом

**Жыйынтык :**

1 кызматтын өздүк наркы – 24225сом.

10% рентабелдүүлүк кошулганда кызматтын эсептелген тарифи – 26647,50сом.

**Тегеректелген тариф : 26650сом.**